**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 3-апрели №18** **Кара-Суу айылы**

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү жөнүндө**

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттарын жана тартибин талкуулап, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз 29-сессиясы **токтом кылат:**

1.Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине 3 жолу аукцион жарыяланганы менен төмөндөгү көрсөтүлгөн 1147, 1143, 1149, 1165, 1608, 1617, 1620, 1704, 1705, 1708, 865, 883 контурларга эч ким катышпагандыктан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Пайдаланбай калган жерлерди жылына 10%дан кем эмес өздөштүрүү” боюнча токтомун ишке ашыруу максатында жерлер жөн иштетилбей калбастыгын эске алып, 1147 контуруна жана 1143 контуруна суу келбеген татаал жер болгондуктан ижара акысы гектарына 1575 (бир миң беш жүз жетимиш беш) сомдон бекитилсин (соц.фонд ичинде).
2. Кайракы жерлер багытындагы 1149, 1165, 1608, 1617, 1620, 1704, 1705, 1708, 865, 883 контурундагы жерлердин ижара акысы гектарына 525 (беш жүз жыйырма беш) сомдон бекитилсин (соц.фонд ичинде).
3. Жарандардан түшкөн арыздарды кабыл алуу жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.Жунушалиевага милдеттендирилсин.
4.Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринин ижарага берүү боюнча келишим түзүү жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековго жүктөлсүн.

**Төрага** **Р.Биримкулов**